# Ташбака үйүн тапты



Автор: Майя Фаулэр

Сүрөтчү: Катрин Котцер

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Ташбака үйүн тапты

Автор: Майя Фаулэр
Сүрөтчү: Катрин Котцер
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. авторлук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Tortoise finds his home*, Copyright © 2014, Katrien Coetzer, Maya Fowler, Damian Gibbs, bookdash.org and African Storybook Initiative түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Ташбака үйүн тапты" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, автор Майя Фаулэр, сүрөтчү Катрин Котцер. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://bookdash.org/books/tortoise-finds-his-home-by-maya-fowler-katrien-coetzer-and-damian-gibbs/

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ташбака талаада кетип баратты. Бир нерсени издегендей сыяктанат.

Ал алыска көз чаптырып, бир шыбакты көрдү.

– Сиз бир нерсе издеп жүрөсүзбү? – деп сурады Үлүл.

– Ооба, мен үйүмдү таппай жатам. Сен аны көргөн жоксуңбу?



– Жок, мен көргөн жокмун. Бирок сага издешкенге жардам берем.

Үлүл Ташбаканын жонуна минди.

Алар Ташбаканын үйүн кечке издеп, таппай коюшту.



– Силер эмне издеп жүрөсүңөр? – деп Таранчы да кызыга кетти.

– Биз Ташбаканын үйүн издеп жүрөбүз. Сен аны көргөн жоксуңбу?

– Жок, көргөн жокмун. Бирок силерге издешкенге жардам берем.



Таранчы канатын серпип учуп кетти.

– Сен өтө тез учуп баратасың, – деп кыйкырды Ташбака.

– Макул, анда мен да силер менен чогуу издейин.

Ташбака  жонуна Таранчыны да кондуруп алып, сапарын улантты.

Алар Ташбаканын үйүн издеп-издеп, таппай коюшту.. .



– Силер бир нерсе издеп жүрөсүңөрбү? – деп сурап калды Айланкөчөк.

– Ооба, биз Ташбаканын үйүн издеп жүрөбүз. Сен аны көргөн жоксуңбу?



– Жок, көргөн жокмун. Бирок силерге издешкенге жардам берем.

Айланкөчөк шып этип, Ташбаканын жонуна конду.

Ташбака Үлүл, Таранчы жана Айланкөчөктү жонуна кондуруп, жолун андан ары улады.

Алар Ташбаканын үйүн издеп-издеп табышкан жок. .

Жел сокту.



Силер бир нерсе издеп жүрөсүңөрбү? – деп сурады Чычкан.

– Ооба, биз Ташбаканын үйүн издеп жүрөбүз. Сен аны көргөн жоксуңбу?

– Жок, көргөн жокмун. Бирок силерге издешкенге жардам берем.



Ташбака Үлүл, Таранчы Айланкөчөк жана Чычканды жонуна кондуруп, жолун андан ары улады. Алар Ташбаканын үйүн издеп-издеп, табышкан жок.

Шамал жалбырактарды жерден көтөрүп, Ташбаканын айланасына сапырды.



Шамал улам күчөп баратты.

Асман да түнөрүп чыкты.

– Ой, деги менин үйүм кайда? – деп Ташбака үшкүрүндү.

Тоолордо күн күркүрөдү. Алыстан чагылган чарт этти.

– Ой, деги Ташбаканын үйү кайда? – деп сураштты Үлүл, Таранчы, Айлакөчөк жана Чычкан.



Шамал куюндап, Ташбаканын жонунан Үлүлдү, Таранчыны, Айланкөчөктү жана Чычканды шыпырып түштү.



– Ичикий! – деп Ташбака үн чыгарып, таш үйүнүн ичине кирип кетти. Таш үйдүн ичи жылуу жана жайлуу экен.

– Оо, мына менин үйүм! – деп Ташбака кубанып кетти.



– Оо! Мына! Ташбаканын үйү табылды!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Майя Фаулэр
Сүрөтчү: Катрин Котцер
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли